| 10. | Бубаев Жамшитбек Эсенович | УШК мүчөсү |
| 11. | Полотова Чынаргүл Сулаймановна | УШК мүчөсү |

**УШК №5252**
**Дареги: Лаглан айылы, Мектеп көчөсү 1/6, Лаглан орто мектеби**

| № | ФАА | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Нышанова Саламат Жакыповна | Төрайым |
| 2 | Адылов Рахманали Максатович | Катчы |
| 3 | Темирбаев Нургелди Сейитбекович | Оператор |
| 4 | Зарипбек уулу Иманалы | Оператор |
| 5 | Эргешов Түгөлбай Тажибаевич | АСУ |
| 6 | Шараев Тыныбек Исмаевич | АСУ |
| 7 | Калбаева Айзада Кудайбергеновна | УШК мүчөсү |

**УШК №5253**
**Дареги:Тээке айылы, Мектеп көчөсү, №22 Бегай Лапин кызы а.о.м**

| № | ФАА | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Абдукулов Абдикерим Номанович | Төрага |
| 2 | Кабылова Гулзат Келдибековна | Катчы |
| 3 | Аскарбеков Нурсултан Турсуналиевич | Оператор |
| 4 | Самидинов Болдубай Бакирович | Оператор |
| 5 | Осмонов Болотбек Токтогулович | АСУ |
| 6 | Жума уулу Сабырбек | АСУ |
| 7 | Байзаков Мухтар Келдибекович | УШК мүчөсү |

**УШК №5254**

**Дареги: Асан-Чек айылы, Асанбек көчөсү 77 Маданият үйү**

| № | ФАА | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Барынбаев Медербек Мурзаевич | Төрага |
| 2 | Маманова Тазагүл Кетменчиевна | Катчы |
| 3 | Турдукулов Рахман Абдинабиевич | Оператор |
| 4 | Исмаилов Нуркыял Качыбекович | Оператор |
| 5 | Коңурбаев Залкарбек Жолдубаевич | АСУ |
| 6 | Карабаева Каныкей Батыровна | АСУ |
| 7 | Саскулова Жазгул Турсунбаевна | УШК мүчөсү |
| 8 | Нурматова Гулнара Тургуновна | УШК мүчөсү |
| 9 | Халматова Рахатай Мусажановна | УШК мүчөсү |
| 10 | Азизова Роза Мирзаевна | УШК мүчөсү |
| 11 | Алматова Нилуфархан Насиржапновна | УШК мүчөсү |

**УШК №5255**

**Дареги: Октябрь айылы, П.Беделов көчөсү б/н, Чайхана**

| № | ФАА | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Бакалбаева Гулнара Мамасалиевна | Төрайым |
| 2 | Абдимуталипова Айнура Каныбековна | Катчы |
| 3 | Гобоева Гулмира Маматовна | Оператор |
| 4 | Токонова Самара Жолболдуевна | Оператор |
| 5 | Надирбек кызы Нурзат | АСУ |
| 6 | Мирзакаримова Гулмира Абдуллаевна | АСУ |
| 7 | Аширова Чынара Арапбаевна | УШК мүчөсү |
| 8 | Кадырбекова Урпаркан Эсеновна | УШК мүчөсү |
| 9 | Турдуева Райкан Акматовна | УШК мүчөсү |
| 10 | Татенова Аида Дуйшенбековна | УШК мүчөсү |

**УШК №5514**

**Дареги: Кыргыз-Чек айылы, С.Алайчы көчөсү 85, №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы мектеби**

| № | ФАА | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Нуркулова Ирсалаткан Мамажунусовна | Төрайым |
| 2 | Эргешова Бакты Тенизбаевна | Катчы |
| 3 | Кадырова Гулзат Закировна | Оператор |
| 4 | Тажибаев Руслан Базарович | Оператор |
| 5 | Тургунбаева Миргул Каныбековна | АСУ |
| 6 | Умарова Гулзат Мадаминовна | АСУ |
| 7 | Досанова Айчурок Шараповна | УШК мүчөсү |
| 8 | Абидинова Шарапаткан Асилбековна | УШК мүчөсү |
| 9 | Темирбаева Кыздаркан Миңбаевна | УШК мүчөсү |
| 10 | Чудиева Гуланда Жаныбековна | УШК мүчөсү |
| 11 | Исаева Нуруйла Усоновна | УШК мүчөсү |

**УШК №5515**
**Дареги: Учкун айылы, Жоош көчөсү 49, №97 Учкун орто мектеби**

| № | ФАА | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Шерматова Айзада Энтибаевна | Төрайым |
| 2 | Калматова Гулнара Нарынбаевна | Катчы |
| 3 | Мадымарова Гулзат Таштемировна | Оператор |
| 4 | Ташиева Аширкан Курбанбековна | Оператор |
| 5 | Төрөева Зарипа Курбанбековна | АСУ |
| 6 | Мамытов Алтынбек Азимович | АСУ |
| 7 | Нурбаев Авазбек Салибаевич | УШК мүчөсү |
| 8 | Бекмурат уулу Толкунбек | УШК мүчөсү |
| 9 | Акматова Гулзира Абдикалиловна | УШК мүчөсү |
| 10 | Турсунали кызы Нурзат | УШК мүчөсү |
| 11 | Самидинова Зулайка Кабылжановна | УШК мүчөсү |

**УШК №5516**
**Дареги: Чагыр айылы, Н. Абылгазиев көчөсү №130 Ш.Жумаев атындагы орто мектеби Чагыр**

| № | ФАА | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Эшенкулова Асилкан Сеиткуловна | Төрайым |
| 2 | Шергазиева Сейилкан Рахмановна | Катчы |
| 3 | Джетимишева Ыквал Адилбековна | Оператор |
| 4 | Матазова Наргиза Кочкоровна | Оператор |
| 5 | Камбарова Гүлсүнай Эсенкуловна | АСУ |
| 6 | Токоев Майсалбек Омурбекович | АСУ |
| 7 | Абдуллаева Гулзада Манабайовна | УШК мүчөсү |
| 8 | Маматканов Талант Исраилович | УШК мүчөсү |
| 9 | Маматова Касиеткан Арыновна | УШК мүчөсү |
| 10 | Эмилова Махсатхан Апархановна | УШК мүчөсү |
| 11 | Орунбаева Нурхан Эргешовна | УШК мүчөсү |

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ |
|---|---|---|

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы № 5/4 11-апрель 2025-жыл

**“Жайыт комитетинин 2024-жылга аткарылган иштери боюнча маалыматы жана айыл аймактагы ийри мүйүздүү малдардын ар бир түрүнө жайыт жерлерди пайдалануу үчүн жайыт акынын өлчөмүн жана иш планын бекитүү жөнүндө”**

Жайыт комитетинин 2024-жылга аткарылган иштери боюнча маалыматы жана айыл аймактагы ийри мүйүздүү малдардын ар бир түрүнө жайыт жерлерди пайдалануу үчүн жайыт акынын өлчөмүн жана иш планын бекитүү жөнүндө Жайыт комитетинин төрагасы Ж.Исмаиловдун билдирүүсүн жана айылдык кеңештин 2025-жылдын 4-апрелиндеги жалпы депутаттык туруктуу комиссиялардын кошмо отурумунун чечиминин негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Жайыт комитетинин төрагасы Ж.Исмаиловдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Жайыт комитетинин иш планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Мады айыл аймагындагы ийри мүйүздүү малдын ар бир түрүнө жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төлөнүүчү акы төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - Бодо мал -200 сом
   - Жаш бодо мал ( 1жашка чейин) - 140 сом
   - Жылкы - 200 сом
   - Жаш мал (жылкы 1 жашка чейин) - 140 сом
   - Майда жандыктар - 50 сом

   Башка айыл аймактан келген малдар үчүн
   - Бодо мал - 400 сом
   - Жаш бодо мал ( 1жашка чейин) - 280 сом
   - Жылкы - 400 сом
   - Жаш мал (жылкы 1 жашка чейин) - 280 сом
   - Майда жандыктар - 100 сом
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөдөө жагы айылдык кеңештин Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик мүлк, өнөр жай, курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы № 5/5 11-апрель 2025-жыл

**"Мады айыл аймагындагы айыл чарбасы мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акылары боюнча маалыматы"**

Мады айыл аймагындагы айыл чарбасы мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акылыры боюнча К.Абдимуталиповдун берген маалыматын жана айылдык кеңештин 2025-жылдын 4-апрель депутаттык туруктуу комиссиялардын кошмо отурунун негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1.Мады айыл аймагындагы айыл чарбасы мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акылары боюнча К.Абдимуталиповдун маалыматы эске алынсын.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ**

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы № 5/6 11-апрель 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнүн өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн аткарылыган иштери боюнча маалыматы”**

Мады айыл өкмөтүнүн өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн аткарылган иштери боюнча Р.Камбаровдун маалыматын угуп жана айылдык кеңештин 2025-жылдын 4-апрелиндеги депутаттык туруктуу комиссиялардын кошмо отурумунун протоколунун негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл өкмөтүнүн өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн аткарылган иштери боюнча Р.Камбаровдун маалыматы эске алынсын.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы №5/7 11-апрель 2025-жыл

**“Кыргыз-Чек айылына байланыш компанияларына антена орнотуу үчүн жер бөлүп арендага берүү жагын кароо”**

Мады айыл аймагынын Кыргыз-Чек айылындагы Нургул балдар бакчасынын жанындагы муниципалдык жерге, Мырзаканов Айтибай атындагы көчөнүн башталышына байланыш антеналарын орнотуу үчүн жер бөлүп арендага берүү жагын кароо жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Базиевдин маалыматын жана депутаттык туруктуу комиссиялардын 2025-жылдын 4-апрелиндеги кошмо отурунун чечиминин негизинде Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагынын Кыргыз-Чек айылындагы Нургул балдар бакчасынын жанындагы муниципалдык жерге, Мырзаканов Айтибай атындагы көчөнүн башталышына байланыш антеналарын орнотуу үчүн жер бөлүп берүүгө макул берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К.Алимбековго жүктөлсүн.
3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик мүлк, өнөр жай курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы № 5/8 11-апрель 2025-жыл

**“Каарман айылынын тургундарынын суроо талаптарынын негизинде мечиттин жанына демөөрчүлөр тарабынан кошумча имарат курууга макулдук берүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө токтомунун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесин жана Мады айылдык кеңешинин 2025-жылдын 4-апрелиндеги депутаттык туруктуу комиссиялардын кошмо отурумунун чечиминин негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Каарман айылынын тургундарынын суроо талаптарынын негизинде мечиттин жанына демөөрчүлөр тарабынан кошумча имарат курууга макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К.Алимбековго жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология, жаратылышты коргоо жана муниципалдык менчик, жеке менчик мүлк, өнөр жай курулуш, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ |
|---|---|---|

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы № 5/9 11-апрель 2025-жыл

**“Мады айыл аймагынын Каарман айылындагы Чегир Азизов атындагы көчөсүнө Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө”**

Мады айыл аймагынын Каарман айылындагы Чегир Азизов атындагы көчөсүнө узундугу жалпы 1150 метр асфальт төшөө үчүн өнүктүрүү фондунун эсебинен ишке ашыруу максатында өздүк салымга Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен 500000 (беш жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү долбоорунун маалыматын угуп талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагынын Каарман айылындагы Чегир Азизов атындагы көчөсүнө узундугу жалпы 1150 метр асфальт төшөө үчүн өнүктүрүү фондунун эсебинен ишке ашыруу максатында Мады айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин эсебинен 500000 (беш жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К.Алимбековго милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин инвестициялар, ишкердик, соода ички жана тышкы экономикалык байланыштар коомдук уюмдар менен иштөө боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы № 5/10 11-апрель 2025-жыл

**“Чагыр айылындагы аты жок көчөгө ат коюу жөнүндө”**

Мады айыл аймагындагы Чагыр айылынын тургуну Мукамбек уулу Кубанычбектин жана Акылбек уулу Талантбектин арызынын жана Мыйзамдуулук, укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын отурунун чечиминин жана Кыргыз Республикасынын «Географиялык аталыштар жөнүндөгү» мыйзамынын 7–беренесин негиз кылып, Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагындагы Чагыр айылынын Чагыр 5 көчөсүнө Жумаев Мукамбек Эшбаевичтин, Чагыр айылындагы аты жок көчөгө Мамадамов Аскарбектин ысымы ыйгарылсын**.**
2. Жаңыдан аталышка ээ болгон Чагыр айылындагы **Жумаев Мукамбек Эшбаевич жана Мамадамов Аскарбек** атындагы көчөгө көчө белгилерин жаздырып илдирүү, көчөнү жашылдандыруу, жолдорун оңдоо жана жарыктандыруу жагы жогорудагы ысымы ыйгарылган маркум **Жумаев Мукамбек Эшбаевичтин жана Мамадамов Аскарбектин** балдарына, жакын туугандарына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы № 5/11 11-апрель 2025-жыл

**“Мады суу байлыгы муниципалдык ишканасынын маалыматы жана 2025-жылга тарифин бекитүү жөнүндө”**

Мады суу байлыгы муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Курбановдун берген маалыматы жана 2025-жылдын 10-апрелиндеги Жаштар иштери, спорт, маданият, билим, социалдык маселелер боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын отурумунун чечиминин негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады суу байлыгы муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Курбановдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Мады суу байлыгы муниципалдык ишканасынын таза сууга болгон баа (тариф) төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - Көчөдөн суу керектөөгө – **1 жанга айына 13 (он үч) сом.**
   - Короодогу сууну керектөөгө – **1 жанга айына 25 (жыйырма беш) сом.**
3. Социалдык объектерге (бала бакчалар, мектептер, мончолор, кафелер, автоунаа жуучу жайлар) суу эсептегич (счетчик) орнотулсун.
4. Жоош айылына суу эсептегич (счетчик) ар бир абонент өз эсебинен алышсын жана орнотуп берүү жага Мады суу байлыгы муниципалдык ишканасына жүктөлсүн.
5. Мады суу байлыгы муниципалдык ишканасынын жетекчисине Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Ош облустук бөлүмүнөн таза сууга бекитилген бааны (тарифин) макулдашуу жагы милдеттендирилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Жаштар иштери, спорт, маданият, билим, социалдык маселелер боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ |
|---|---|---|

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы № 5/12 11-апрель 2025-жыл

**“Мады айыл аймагынын Лаглан айылынын аймагынын коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоо максатында коомдук таяныч пунктун курууга жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө”**

Мады айыл аймагынын Лаглан айылынын коомдук тартипти камсыз кылуу, жарандардын коопсуздугун сактоо, жол кырсыктарынын, кылмыштуулуктун, мал уурулуктун жана башка укук бузуулардын алдын алуу максатында ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлеринин иштөөсүнө ыңгайлуу шарт түзүү жөнүндө Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К.Алимбековдун 2025-жылдын 4-апрель № 89 сандуу катынын жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы № 60 “Укук бузууларды алдын алуу жөнүндө мыйзамынын 10-беренесинин негизинде коомдук таяныч пуктун курууга жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Базиевдин билдирүүсүн Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагынын Лаглан айылынын аймагынан коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоо максатында коомдук таяныч пуктун курууга 0,05 га жер тилкесин бөлүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Жер тилкесин бөлүп берүү жана тиешелүү документтерди мыйзам чегинде даярдоо жагы Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К. Алимбековго тапшырылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология жаратылышты коргоо, өнөр жай, курулуш, архитектура, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага К.С.Темирбаев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ** |

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

Асан-Чек айылы № 5/13 11-апрель 2025-жыл

**“Мады айыл аймагынын Учкун айылынын аймагынын коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоо максатында коомдук таяныч пунктун курууга жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө”**

Мады айыл аймагынын Учкун айылынын коомдук тартипти камсыз кылуу, жарандардын коопсуздугун сактоо, жол кырсыктарынын, кылмыштуулуктун, мал уурулуктун жана башка укук бузуулардын алдын алуу максатында ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлеринин иштөөсүнө ыңгайлуу шарт түзүү жөнүндө Кара-Суу райондук ички иштер башкармалыгынын 2025-жылдын 8-апрель №33-20-13/3005 сандуу катынын жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы №60 “Укук бузууларды алдын алуу жөнүндө мыйзамынын 10-беренесинин, жана коомдук таяныч пуктун курууга жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Базиевдин билдирүүсүн жана Жер кодексинин 18-беренесинин негизинде Мады айылдык кеңеши угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Мады айыл аймагынын Учкун айылынын аймагынан коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоо максатында коомдук таяныч пуктун курууга 0,03 га жер тилкесин бөлүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Жер тилкесин бөлүп берүү жана тиешелүү документтерди мыйзам чегинде даярдоо жагы Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К. Алимбековго тапшырылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин айыл чарбасы, жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлктөрдү каттоо, экология жаратылышты коргоо, өнөр жай, курулуш, архитектура, транспорт, энергетика, өзгөчө кырдаал боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

Асан-Чек айылы | № 5/14 | 11-апрель 2025-жыл

**“Муниципиалдык менчикти эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын “Мүлк жөнүндөгү” Мыйзамына, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексине жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык, муниципиалдык мүлктү натыйжалуу башкаруу жана туура эсептен чыгаруу максатында, Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Муниципиалдык менчикти эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Мады айыл өкмөтүнүн башчысы Н.К.Алимбеков ушул Жобонун аткарылышын камсыз кылуу жагы тапшырылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Мыйзамдуулук укук, тартипти сактоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**Мады айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 11-апрелиндеги**
**V кезектеги сессиясынын 5/14**
**сандуу токтомуна тиркеме**

## Муниципиалдык менчикти эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө Жобо

### 1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Ушул муниципиалдык менчикти эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө Жобо (мындан ары-Жобо) "Мүлккө муниципиалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине ылайык иштелип чыккан, муниципиалдык менчикте турган мүлктөрдү эсептен чыгаруунун тартибин аныктайт.

2. Ушул Жобо муниципиалдык менчикте турган, ошондой эле чарбалык башкаруу же оперативдүү башкаруу укугунда муниципиалдык ишканаларга бекитилген жана муниципиалдык ишканалар тарабынан-оперативдик башкаруу укугунда же башка юридикалык жана физикалык жактарга колдонууга берилген мүлктүн бардык түрүнө таралат.

Наркы 100 эсептик көрсөткүчтөн аз муниципалдык ишканаларга бекитилип берилген муниципалдык мүлк ишканалардын бухгалтердик эсепке алуу эрежелерине ылайык өз алдынча эсептен чыгарылууга тийиш.

3. Бул Жобонун күчү пайдалуу казып алууларга, автордук укуктарга, лицензияларга, патенттерге, франшизаларга, соода маркаларына, гудвилдерге, программалык камсыздоолорго карата жайылтылбайт.

4. Бул Жободо мүлктү эсептен чыгаруу дегенде иш аракеттердин топтому түшүндүрүлөт, ал максаттуу багыты боюнча колдонуу жана (же) керектөө касиетин толук же жарым-жартылай жоготуунун кесепетинде мүлктү андан ары колдонууга жараксыз деп таанууга, анын ичинде физикалык жана моралдык эскирүү, кыйроо же бузулуунун кесепетинен тескөөдөн, колдонуудан чыккан, ошондой эле анын турган жерин аныктоо мүмкүн эместикке байланыштуу каралат.

5. Ушул Жобого ылайык кийинки мүлк эсептен чыгарууга жатат:

1) пайдалуу кызматынын мөөнөтү бүткөн мүлк, ошондой эле пайдалуу касиеттерин толук же жарым-жартылай жоготуунун, анын ичинде физикалык же моралдык эскирүүнүн кесепетинен андан ары максаттуу багыты боюнча пайдаланууга жараксыз мүлк;

2) калыбына келтирүү мүмкүн эмес же экономикалык жактан колдонуу максаттуу эмес мүлк;

3) кыйроо же бузулуунун натыйжасында, анын ичинде менчик ээсинин эркинен тышкары, ошондой эле анын турган жерин аныктоо мүмкүн эместигинин кесепетинен ээликтен, пайдалануудан жана тескөөдөн чыгып кеткен мүлк;

4) кыйраган же авариялык кыймылсыз мүлк, анын ичинде бузулууга тийиш болгон бүтө элек курулуш объектилери.

6. Муниципалдык мүлктү калыбына келтирүү мүмкүн болбогон же экономикалык жактан максатка ылайыксыз учурларда, ошондой эле ал белгиленген тартипте жеке же юридикалык жактарга сатылышы мүмкүн болбогон учурларда гана эсептен чыгарылууга тийиш.

7. Техникалык жактан бекем жана андан ары пайдаланууга жарактуу мүлктүн наркынын 100 пайыз өлчөмүндө чегерилген амортизация, толук эскирүүнүн эсебинен, аны эсептен чыгарууга негиз боло албайт. Мындай мүлктүн иштөө мөөнөтү техникалык уюмдардын же тиешелүү билими бар адистин маалымкатынын негизинде белгиленет. Аталган мүлктүн балансттык наркы өздүк наркы боюнча белгиленет, андан аркы амортизация линиялык ыкма боюнча жүргүзүлөт

8. Мыйзамда белгиленген тартипте арестке алынган же мыйзам чегинде бекитилген тартипте өндүрүп алууга коюлган мүлк, ошондой эле күрөөгө коюлган мүлктү эсептен чыгарууга болбойт.

9. Нормативдик кызматтык мөөнөтү өтө элек, бирок инвентаризациянын жыйынтыгында саны чыкпай калган мүлктөрдү эсептен чыгаруу, жарактан чыккан абалга келтирген жактын эсебинен берилген мүлктүн базар баасындагы көлөмдө төлөмдү жүргүзгөндөн кийин (форс-мажордук кырдаалдарды эсепке албаганда) ишке ашат. Мындан тышкары, мүлктү эсептен чыгарып салуу аны калыбына келтирүү мүмкүн эмес болгон учурда же экономикалык жактан ылайыксыз учурларда гана эсептен чыгарылууга тийиш.

10. Эсептен чыгаруу жол-жобосу менен байланышкан бардык чыгымдар жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

## 2-бөлүм. Муниципалдык менчикти эсептен чыгаруунун тартиби

11. Мүлктүн андан ары пайдаланууга жараксыздыгын, аны калыбына келтирүү мүмкүн эместигин же экономикалык натыйжасыздыгын аныктоо, ошондой эле эсептен чыгарууга документтерди тариздөө үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы тарабынан анын курамында туруктуу иштөөчү жумушчу комиссия (мындан ары – комиссия):

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын орун басары (комиссиянын төрагасы);
- муниципиалдык мүлктүн эсеби үчүн жооптуулардан, адистерден;
- зарылдыгына жараша кызматтарды көрсөтүү үчүн жабдуулардын үстүндө сервистик кызматтарды жүргүзүүнү ишке ашыруучу уюмдардын техникалык адистеринен, же тийиштүү техникалык адистерден;
- жергиликтүү кенештин депутаттарынан;
- бул мүлктүн сакталышы үчүн жоопкерчилик жүктөлгөн жактардан түзүлөт.

Комиссиянын курамы 5 адамдан кем болбоого, саны так эмес болууга тийиш.

12. Комиссияны төрага жетектейт, ал Комиссиянын ишине жалпы жетекчилик кылат, талаш маселелерди талкуулоодо коллегиялуулукту камсыз кылат, милдеттерди бөлүштүрөт жана Комиссиянын мүчөлөрүнө тапшырмаларды берет. Комиссия жыйындарды зарылдыгына жараша өткөрөт. Комиссия тарабынан ага берилген документтерди кароо мөөнөтү 30 күндөн ашпоого тийиш. Комиссиянын жыйналышы комиссиянын курамынын бардык мүчөлөрү катышканда укук ченемдүү болот.

13. Комиссия төмөнкү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат:

1) эсептен чыгарылууга тийиш болгон мүлктү керектүү техникалык документтерди, ошондой эле бухгалтердик эсептин маалыматтарын пайдалануу менен карап чыгат;

2) мүлктү андан ары пайдалануунун максатка ылайыктуулугу (жарактуулугу), аны калыбына келтирүүнүн мүмкүнчүлүгү жана натыйжалуулугу, мүлктөн айрым түйүндөрдү, тетиктерди, конструкцияларды жана материалдарды пайдалануу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе боюнча чечим кабыл алат;

3) эгерде эсептен чыгаруу объектиси атайын аппаратура же жабдуу болсо, мүлктүн жараксыздыгы жөнүндө корутунду берүү үчүн тиешелүү уюмдардын адистерин милдеттүү түрдө тартат;

4) мүлктү эсептен чыгаруунун себептерин белгилейт, анын ичинде керектөө касиеттерин толук же жарым-жартылай жоготуу, анын ичинде физикалык же моралдык эскирүүнүн натыйжасында; авариянын, табигый кырсыктын жана башка өзгөчө кырдаалдардын кесепетинен бузулуу; калыбына келтирүү мүмкүн болбогон же калыбына келтирүү экономикалык жактан максатка ылайыксыз; жок болуунун же жок кылуунун натыйжасында, анын ичинде менчик ээсинин эркинен тышкары, ошондой эле анын турган жерин аныктоо мүмкүн эместигинин натыйжасында ээликтен,

пайдалануудан жана тескөөдөн чыгып кеткендер, кыймылсыз мүлктүн эскириши же кыйрашы жана мүлктү эсептен чыгаруу зарылчылыгына алып келген башка себептер;

5) Бул Жобонун тиркемесине ылайык мүлктү эсептен чыгаруу жөнүндө акт түзөт.

14. Мүлктү калыбына келтирүүнүн (оңдоонун, реконструкциялоонун, модернизациялоонун) мүмкүн эместигин же максатка ылайыксыздыгын андан ары пайдаланууга аныктоо мүмкүн болбогондо, ЖӨБО муниципалдык уюмдардын адистештирилген тармактык техникалык кызматтарын же экспертиза жүргүзүүгө укугу бар адистештирилген уюмдарды же тиешелүү тармакта атайын билими бар адисти (мындан ары – техникалык эксперт) тартат.

15. Мүлктү эсептен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алуу максатында изилденүүчү материалдык баалуулуктар үчүн түздөн-түз материалдык жоопкерчилик менен байланышкан милдеттер жүктөлгөн адам техникалык эксперт боло албайт. Техникалык эксперттин, ошондой эле эсептен чыгарылган мүлктү же анын тетиктерин демонтаждоону, жоюуну, утилдештирүүнү жүзөгө ашыруучу уюмдардын кызматтарын тандоо мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

16. Эсептен чыгаруу актысында мүлк жөнүндө төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:

- катар номери;
- объектин аталышы;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан ыйгарылган мүлктүн инвентардык номери (МИН);
- объект пайдаланууга берилген жыл (чыгарылган жылы);
- мүлктүн баштапкы наркы (кайра баалоо үчүн-калыбына келтирүүчү баасы);
- эсептен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынган учурдагы объекттин калдык наркы;
- ошол объект үчүн белгиленген жарактуу пайдалануу мөөнөтү жана эсептен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынган учурга карата иш жүзүндө пайдалануу мөөнөтү;
- чегерилген амортизация;
- жүргүзүлгөн капиталдык оңдоолордун саны жана чыгымдардын суммасы;
- мүлктү эсептен чыгаруунун себеби, алардын негизги бөлүктөрүнүн, тетиктеринин, түйүндөрүнүн, конструкциялык элементтеринин абалы;
- ар кандай позициялардан (экиден кем эмес позициялардан) эсептен чыгарылууга тийиш болгон объекттердин фотосүрөттөрү).

17. Мүлктүн төмөнкү түрлөрүн эсептен чыгарууда ушул Жобонун 16-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кошумча актыга төмөнкү документтер тиркелет:

1) транспорт каражатын эсептен чыгарууда транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүк;

2) транспорт каражатын, авариялык, эски кыймылсыз мүлктү, техниканы жана жабдууларды эсептен чыгарууда техникалык эксперттин корутундусу Кыргыз Республикасынын аймагында тиешелүү ишти жүзөгө ашыруу боюнча анын ыйгарым укуктарын ырастаган документтердин көчүрмөлөрүн тиркөө аркылуу жүргүзүлөт.

18. Мүлктү эсептен чыгарууда агрегаттарга, бөлүктөргө, бирдиктерге техникалык мүнөздөмө берилип жана ажыратуудан келип чыккандан кийинки негизги бөлүктөргө жана бирдиктерге мындан аркы колдоонууга мүмкүнчүлүктөр берилиши мүмкүн. Андан ары колдонууга жарактуу тетиктер, бөлүктөр жана агрегаттар нөлдүк наркы боюнча тиешелүү эсептер боюнча кириштелүүгө же ишке ашырылууга тийиш.

Бөлүктөргө ажыратылган мүлктүн пайдаланууга жараксыз бирдиктери, агрегаттары жана тетиктери экинчи чийки зат (макулатура, металл сыныктары, отун, айнек, пластмасса ж.б.) катары сатылууга же керектөө калдыктары катары утилизацияланууга жатат.

19. Жараксыз абалга келген же авариялардын, өрттүн, табигый кырсыктардын натыйжасында жоголгон мүлктү эсептен чыгарууда Комиссия көрсөтүлгөн жагдайларды ырастаган документтердин көчүрмөлөрүн кошумча берет.

Эски жана авариялык кыймылсыз мүлктү, анын ичинде муниципалдык турак жай фондуна кирген мүлктү эсептен чыгаруу жана бузуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 13-августундагы №518 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын аймагындагы эски, авариялык абалдагы имараттарды жана курулмаларды бузуу тартиби жөнүндөгү" Жободо белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

20. Атайылап жок кылуунун, бузуунун, уурдоонун натыйжасында жараксыз абалга келген жана (же) иш жүзүндө колдонуу мөөнөтү пайдалуу мөөнөттөн ашпаган мүлктү эсептен чыгаруу үчүн комиссия төмөнкүлөрдү кошумчалайт:

1) күнөөлүү адамдарды көрсөтүү менен объектти талаптагыдай эмес пайдалануу (сактоо) жөнүндө комиссиянын корутундусу;

2) негизги каражаттардын объектисинин бузулушуна жол берген күнөөлүү жактарга карата көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат, ырастоочу документтердин көчүрмөлөрүн тиркөө менен (күнөөлүү жактар аныкталган учурда);

3) жазык ишин козгоо же токтотуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсү (бар болсо), мүлктү жоготуу фактысын ырастоочу башка документтер же уюмдун кызыкчылыктарын коргоо же келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча чараларды көрүү жөнүндө башка документтер;

4) келтирилген зыяндын наркы жөнүндө маалымкат;

5) күнөөлүү адамдардын зыяндын ордун толтуруусу жөнүндө маалымкат;

6) пайдалуу колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейин объекттерди эсептен чыгарууга себеп болгон себептерди толук түшүндүрүү менен маалымкат (күнөөлүү адамдар жок болгон учурда).

21. Комиссиянын ишинин жыйынтыгы боюнча комиссиянын протоколу түзүлөт, ага төмөнкүлөр тиркелет:

- эсептен чыгарууга сунушталган мүлктү инвентаризациялоо актысы;

- мүлктү эсептен чыгаруу актылары;

-башка документтер (авария жөнүндө актынын көчүрмөсү, тиешелүү экспертизалардын жыйынтыктары ж.б.).

22. Комиссиянын протоколу эсептен чыгарылган мүлктү тескөө ыкмасы (жок кылуу, өткөрүп берүү, ажыратуу ж.б.), объекттин айрым түйүндөрүн, деталдарын, материалдарын жана агрегаттарын андан ары пайдалануу жөнүндө чечимди, ошондой эле комиссиянын корутундусу боюнча эсептен чыгаруу максатка ылайыксыз болуп саналган мүлктү андан ары пайдалануу жөнүндө сунушту камтууга тийиш.

23. Комиссия тарабынан мүлктүн кемип чыгышына, кайра топтолуп жана бузулушуна тиешеси бар жактар аныкталганда алардын күнөөсү соттун чечиминин (өкүмүнүн) негизинде гана аныкталат. Зыяндардын өлчөмү жана келтирилген зыяндардын суммасынын ордун толтуруу механизми Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.

24. Комиссиянын жыйынынын протоколу, ушул Жобонун 20-пунктунда көрсөтүлгөн, 100 эсептик көрсөткүчкө чейинки сатып алуу наркы боюнча мүлктү эсептен чыгаруу боюнча документтерди тиркөө менен (имараттардан, курулмалардан жана транспорт каражаттарынан тышкары) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысына мүлктү эсептен чыгаруу жөнүндө буйрук чыгаруу үчүн берилет.

25. жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы мүлктү эсептен чыгаруудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн, эгерде:

- мүлк ушул Жобонун 4-пунктунда аныкталган талаптарга жооп бербесе;

- эксперттик корутундуда эсептен чыгарууга сунушталган мүлктү пайдалануунун башка жолдору аныкталганда;

- ушул Жободо каралган документтер Комиссия тарабынан белгиленген талаптарды бузуу менен берилсе;

- мүлктү эсептен чыгаруунун максатка ылайыктуулугунун экономикалык негиздемесинде эсептен чыгаруунун зарылдыгын тастыктаган экономикалык жана (же) техникалык эсептөөлөр жок болсо;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бул мүлктү эсептен чыгарууга тиешелүү чектөөлөр белгиленген.

26. Эсептен чыгаруу жөнүндө актыда каралган иш-чаралар (негизги каражаттарды ажыратуу, демонтаждоо, утилизациялоо) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын мүлктү эсептен чыгаруу жөнүндө буйругу чыккан күндөн тартып эки айдан кечиктирилбестен милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

27. Утилизациялоого тийиш болгон мүлк менен иш жүзүндөгү жана юридикалык аракеттер жүзөгө ашырылгандан кийин бул мүлк жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын балансынан чыгарылат, мүлктү эсептен чыгаруу фактысы белгиленген тартипте муниципалдык мүлктүн реестринде чагылдырылат.

28. Транспорт каражаты эсептен чыгарылгандан кийин ЖӨБО тиешелүү каттоо органдарында – салык органында, статистика органында, Мамлекеттик “УНАА” ишканасында транспорт каражатынын эсептен чыгарылышын ырастоочу жол-жоболорду кошумча жүргүзүүгө милдеттүү.

29. Мүлктү эсептен чыгаруу боюнча иш-чаралардын толук жана туура жүргүзүлүшү, документтик тариздөө жана финансылык эсептөөлөр үчүн жоопкерчиликти жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы алат.

30. Эсептен чыгарылган мүлктү сатуудан түшкөн акча каражаттары жергиликтүү бюджетке түшөт.